# Розалар кыштагы



Автор: Су Ньеин Чан
Сүрөтчү: Ванна Лвин
Которгон: Айгуль Джунушалиева

# Розалар кыштагы

Автор: Су Ньеин Чан
Сүрөтчү: Ванна Лвин
Которгон: Айгуль Джунушалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Розалар кыштагы" (кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Rose Village* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Su N'yein Chan жана сүрөтчүсү Vid'yasari Khanai. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2020-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: [https://www.letsreadasia.org/book/713c4647-6088-4c32-9702-a488407b0d1b?bookLang=4846240843956224](https://www.letsreadasia.org/book/713c4647-6088-4c32-9702-a488407b0d1b?bookLang=4846240843956224)

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Илгери-илгери бир кичинекей кыштак болгон экен. Анын бардык жашоочулары кызыл роза гүлүн өстүрүшчү.

Кызыл роза гүлдөрү менен кыштак абдан кооз көрүнчү.

Кыштак жана анын эң кооз кызыл розаларынын атагы бүткүл дүйнөгө тараган.

Бирок кыштактагы тургундардын бири да эмне үчүн кызыл роза гүлүнүн дал ушул түрүн өстүрөрүн билген эмес. Кээ бири ата-бабалар кызыл розанын ушул түрүн өстүргөндүктөн деп эсептешкен. Башкалары кызыл розанын ушул түрүн өстүрбөсөк, каргышка калабыз деп ишенишкен.





Күндөрдүн биринде кыштакта жашаган карыя жертөлөсүнөн кызыктай үрөндөр салынган кутуча таап алды. Ал абдан таң калды. Үрөн анын жертөлөсүндө кантип пайда болуп калганын билген эмес. Карыя үрөндү өз бакчасына отургузууну чечти.

Ал жаңы көчөттөрүнө өтө кылдаттык менен кам көрө баштады. Гүлдөр гүлдөгөндө, анын бакчасы түрдүү сорттогу түсү ар кандай гүлдөргө толду.





Кыштактын бардык жашоочулары кызыл розалардын арасындагы сары, көк, кызгылт-көк жана ак гүлдөрдү көрүп, таң калышты.

Көптөр карыяны каргышка калат деп коркушту. Алар андан тез арада көп түстүү гүлдөрдөн арылууну суранды.

Карыя чоң мээнет менен багып өстүргөн гүл бакчасын жок кылуудан баш тартты.








Жашоочулар карыяга наараазы болуп, аны жана анын түстүү гүл бакчасын көрмөксөнгө салууну чечишти. Карыя эптеп күнүмдүк тиричилиги менен алпурушуп жатты. Ал эми кошуналары аны тоготкон жок.

Күндөрдүн биринде кыштакка падыша сарайынан сүрөтчү келди. Падыша кыштак өзүнүн кооз гүлдөрү менен атагы чыкканын угуп, сүрөтчүнү бул сулуулукту кагаз бетине түшүрүүгө жөнөткөн.

Кыштак тургундары сүрөтчүнү кубануу менен тосуп алып, ага кызыл роза бакчаларын көрсөтүштү.










Сүрөтчү бакчаларды карап чыкты. Жакын жердеги дөбөнү тандап, сүрөт тарта баштады.

Жашоочулар бул чебер сүрөтчү эмнени тартат деп чыдамсыздык менен күтүштү.

Сүрөт бүткөндөн кийин, тургундар ал тарткан түстүү гүлдөргө таң калышты. Бирок бир киши сүрөтчү каргышка каларын айтты.


Сүрөтчү шедеврди жаратуу үчүн ар кандай түстөр жана формалар керек экенин түшүндүрдү. Ар түрдүүлүк – бул каргыш эмес, сулуулук. Кыштак тургундары анын оюу туура экенин түшүнүп, каргышка ишенбей калышты. Алар кары багбанды кучактап, бардыгы анын ачык түстөгү гүлдөрүнөн ыракат алышты.












1. Кыштактын жашоочулары эгерде алар кызыл розалардан башка гүлдөрдү отургузса эмне болот деп ойлогон?

2. Карыя кутучадан тапкан үрөндөн өсүп чыккан гүлдөр кандай түстө болгон?

3. Падыша сарайынын сүрөтчүсү кыштак тургындарына эмне деди?

4. Сага кандай түстөр жагат? Эмне үчүн?

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Су Ньеин Чан
Сүрөтчү: Ванна Лвин
Которгон: Айгуль Джунушалиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли